- ар бир чет элдик жаранда, анын ичинде балдарда да болушу керек
- аны каалаган камсыздандыруу компаниясынан алса болот
- ДМС полисинин баасы медициналык кызматтардын көлөмүнө жараша өзгөрөт.

Архангельск шаарындагы камсыздандыруу компанияларынын тизмеси: *arhangelsk.yp.ru/list/strakhovye_kompanii/*

ДМС полиси жоголгон учурда аны калыбына келтирүүгө болот: бул үчүн полистин көчүрмөсүн жасап коюңуз же анын номерин жана камсыздандыруу компаниясынын телефон номерин жазып алыңыз.

## Миграциялык каттоо (каттоого туруу)

Ар бир чет элдик жаран миграциялык каттоого турушу керек — бул көбүнчө «каттоо жасоо» деп аталат.

Миграциялык каттоого туруу мөөнөтү Россияга кирген күндөн тартып эсептелет жана ар башка өлкө жарандар үчүн ар түрдүү:

- **30 күн** — Армения, Казакстан, Кыргызстан жарандары үчүн
- **15 күн** — Өзбекстан жана Тажикстан жарандары үчүн
- **7 күн** — башка мамлекеттердин жарандар үчүн



Миграциялык каттоону кабыл алуучу тарап жүргүзөт — бул уюм, мейманкана же жеке адам болушу мүмкүн.

Кабыл алуучу тарап мыйзам боюнча сизди миграциялык каттоого коюуга милдеттүү!

Миграциялык каттоонун жери — бул сиз **чындыгында жашаган турак жай**: уктаган, тамактанган, эс алган жана жеке буюмдарыңызды сактаган жер.

Баштапкы миграциялык каттоо өлкөгө кирген күндөн тартып 90 күндөн ашпаган мөөнөткө берилет. Андан кийин аны кирүү максатына жараша узартууга болот:

- **иштөө үчүн** — патенттин мөөнөтүнө чейин
- **окуу үчүн** — окуу мөөнөтүнө чейин

Ата-энелер 18 жашка чейинки балдарынын каттоосун өз катталган дареги боюнча өзүнүн каттоосунун мөөнөтүнө чейин узарта алышат.

**Мамлекеттик жыйым (гос. пошлина):**

- миграциялык каттоого туруу үчүн — 500 рубль;
- миграциялык каттоону узартуу үчүн — 1 000 рубль.

## Кайда кайрылуу керек

Россияга келгенден кийин алгачкы миграциялык каттоону кабыл алуучу тараптын жардамы менен жүргүзүүгө болот:

- портал аркылуу «Госуслуги» *gosuslugi.ru/*
- «Почты России» бөлүмдөрүндө *https://www.pochta.ru/contacts/29*
- жашаган жериңиздеги в МФЦ «Мои документы»

борборлорунда *https://portal.mfc.gosuslugi29.ru/*
*8 (800) 600 79 29*

- жашаган районуңуздагы отделах по миграции МВД России

**Бланктарды жана толтуруунун үлгүлөрүн бул жерден жүктөп алсаңыз болот:**

*https://29.мвд.рф/госуслуги-новая/гувм/миграционный-учет/бланки-и-образцы-заявлений*

Миграциялык каттоону узартууну алдын ала – каттоонун мөөнөтү бүтө электе жасоо керек!

Бул ишти кабыл алуучу тараптын жардамы менен жашаган жериңиз боюнча ИИМдин миграция бөлүмүндө жүргүзөсүз в отделе по миграции МВД России в районе проживания. Кабыл алууга «Госуслуги» порталы аркылуу жазыласыздар.

**Миграциялык каттоо мөөнөтүн бузгандык үчүн жоопкерчилик:**

- чет элдик жаран үчүн: 5 000 – 7 000 рубль айып жана 5 жылга РФ аймагына кирүүгө тыюу салынат;
- кабыл алуучу тарап үчүн: 2 000 – 4 000 рубль айып.

Миграциялык каттоонун бланкынын үзүлмө бөлүгүн дайыма өзүңүз менен алып жүрүү керек

Эгерде сиз миграциялык каттоо барагын жоготуп же бузуп алсаңыз, аны 3 иш күнү ичинде калыбына келтирүүгө болот. Бул үчүн жашаган жериңиз боюнча отделение по вопросам миграции МВД России кайрылыңыз: *https://29.мвд.рф/ms*



## «Госуслуги» порталы — жеке кабинетиңизди түзүү

Мамлекеттик кызматтарды жана мобилдик байланыш кызматтарын алуу үчүн сизге «Госуслуги» мамлекеттик расмий порталында жеке кабинет түзүү керек: *gosuslugi.ru*

**Кантип кирүү керек:**
**1-кадам. Катталуу**

- *esia.gosuslugi.ru/login/registration* → «Другой способ регистрации» дегенди тандаңыз.
- Фамилияңыз, ысымыңыз, атаныздын аты, электрондук почтаңызды көрсөтүңүз.
- Эгерде сизде орус телефон номери болсо, аны кошуңуз.
- Почтаңызды текшерип, «Госуслуги» сайтынан келген каттагы шилтемени басыңыз. Эгер телефон көрсөткөн болсоңуз, смс аркылуу келген кодду сайтка киргизиңиз.
- Андан кийин пароль ойлоп табыңыз.

**2-кадам. Жеке маалыматтарыңызды тастыктаңыз**

- Жеке эсептин камсыздандыруу номери (СНИЛС) талап кылынат. Аны Россиянын Социалдык фонду бөлүмдөрүнөн в отделениях Социального фонда РФ (*es.pfrf.ru/findOffice/*) же RuID тиркемеси аркылуу алса болот.
- Паспорттук маалыматтарды киргизиңиз.

**3-кадам. Жеке инсандыгыңызды тастыктаңыз**

- Россиянын телефон номерин кошуңуз.
- Эгер сизде орус банкынын картасы болсо, жеке

инсандыгыңызды онлайн түрүндө банк аркылуу тастыктаңыз же жеке өзүңүз барып тастыктаңыз — тейлөө борборлорунун даректерин бул жерден таба аласыз: *map.gosuslugi.ru/?layer=co*

## Биометриялык каттоо

Биометриялык каттоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- манжа издерин алуу (дактилоскопия)
- сүрөткө тартуу

Бул процедура 6 жаштан жогору бардык чет элдик жарандар үчүн милдеттүү!

Каттоо бүткөндөн кийин «жашыл карта» — деп аталган документ берилет.

Тариздөө мөөнөтү:

- **30 күн** — иштөө үчүн келгендер үчүн
- **90 күн** — башка чет элдик жарандар үчүн

Архангельск шаарында биометриялык каттоодон өтүү дареги: *https://pvsmvd.ru/branches/29*

## Медициналык кароо

Медициналык кароо 6 жаштан жогору бардык чет элдик жарандар үчүн милдеттүү.

Россияга киргенден кийинки мөөнөттөр:

- **30 күн** — иштөө үчүн келгендер үчүн
- **90 күн** — башка чет элдик жарандар үчүн

Медициналык кароодон ар 12 ай сайын өтүп туруу зарыл!



Эмне текшерилет: ВИЧ-инфекциянын болушу, жана социалдык жактан коркунучтуу оорулар (сифилис, кургак учук), баңгизат колдонуу.
**Эгерде ВИЧ-инфекция же баңгизат колдонуусу аныкталса, Россия аймагын дароо таштап чыгуу талап кылынат!**
Эгерде сифилис же кургак учук аныкталса, дароо дарылоо курсун өтүп, кайра текшерүүдөн өтүү зарыл.
**Архангельск шаарында медициналык кароодон өтүү даректери:**

- ГБУЗ АО «Архангельский клинический кожно-венерологический диспансер» *https://www.akkvd.ru/*
- ГБУЗ АО «Архангельская клиническая психиатрическая больница» *https://akpb-talagi.gosuslugi.ru/*
- ГБУЗ АО «Архангельский клинический противотуберкулезный диспансер» *https://med-disp-akptd-r29.gosweb.gosuslugi.ru/*
- ГБУЗ АО «Архангельская городская клиническая больница N 4» *https://agkp2arh.gosuslugi.ru/*
- ГБУЗ АО «Архангельская городская клиническая больница N 6» *https://arhgkb6.gosuslugi.ru/*
- ГБУЗ АО «Архангельская городская клиническая больница N 7» *https://solombalacare.gosuslugi.ru/*
- ГБУЗ АО «Архангельская городская клиническая поликлиника N 1» *https://arhgp1.gosuslugi.ru/*
- ГБУЗ АО «Архангельская городская клиническая поликлиника N 2» *https://agkp2arh.gosuslugi.ru/*

### Эмгек патенти (иштөөгө уруксат)

### Кимдер патентсиз иштей алат

- **ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жарандарына** (Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан) — миграциялык каттоо жана биометриялык каттоо талап кылынат.
- **ЖОЖдордун жана колледждердин (техникумдардын) чет элдик студенттери**, эгерде күндүз окуса — бош убактысында иштей алат; студенттик билет жана окуу жөнүндө маалымкат керек.
- **Убактылуу жашоого уруксат алган чет элдиктер** — РВП (убактылуу жашоого уруксаты бар) болушу керек.
- **Туруктуу жашоого уруксат алган чет элдиктер** — ВНЖ (вид на жительство) болушу керек.
- **Качкын макамы барлар жана убактылуу баш паанек алган адамдар.**

ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн жарандарынан (мисалы, Азербайжан, Молдова, Тажикстан, Өзбекстан) мыйзамдуу ишке орношуу үчүн эмгек патенти алуу милдеттүү.

**Бул төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:**

- Өлкөгө кирген күндөн тартып **30 күндүн ичинде** патентке документ тапшыруу.
- **ФГУП «ПВС МВД России» мекемесинде гана** *pvsmvd.ru/branches/29.*
- Кайрылганда төлөм үчүн реквизиттери көрсөтүлгөн квитанция берилет.



Эмгек патентин алуу үчүн мамлекеттик алым **4 200 рубль** түзөт.

Патентти тариздөө үчүн документтерди тапшыруу мөөнөтү — **Россияга кирген күндөн тартып 30 күндүн ичинде**.

Патентти белгиленген мөөнөттө тариздебеген учурда **10 000 – 15 000 рубль** өлчөмүндө айып салынат.

Патент алуу үчүн паспортуңуздун орус тилиндеги нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу талап кылынат.

Патент боюнча иштөөгө уруксат жөн гана ошол патент алынган региондо жана анда көрсөтүлгөн бир гана кесип боюнча берилет.

2025-жылы Архангельск шаарында патент боюнча алдын ала **ай сайынгы төлөм 5 292 рубль түзөт**. Төлөмдү алдын ала — 1 ден 12 айга чейин — жүргүзүүгө болот.

Патент **алынгандан кийин 2 айдын ичинде** ишке орношуу жөнүндө **билдирүүнү эмгек келишиминин көчүрмөсү менен бирге** Управление по вопросам миграции МВД России жөнөтүү зарыл, болбосо патент жараксыз деп табылышы мүмкүн.

Патент алуу үчүн талап кылынган документтердин тизмесин, патент берүү жөнүндө арыздын формасын, бланктарды жана билдирүү үлгүлөрүн бул жерден жүктөп алсаңыз болот:

*https://29.мвд.рф/госуслуги-новая/гувм/патент/бланки-и-образцы-заявлений*

### Орус тилин жана тарых мыйзамдарын билүүсүн текшерүү

Иштөөгө патент алуу үчүн орус тилин, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билүү боюнча тесттен өтүү керек.

Баасы — **3 800 рубль**.

Тесттен өткөндөн кийин сертификат берилет — ал 3 жылга жарактуу.

**Тестти кайсы жерде тапшырууга болот:**

*https://narfu.ru/hssshic/mezhdunarodnaya-deyatelnost/russian_test/exam/*

**Тестке кантип даярданса болот:**

- Онлайн курс «Русский язык для жизни и работы» *migrant.spbu.ru*
- Типтүү тесттер — *testingcenter.spbu.ru/images/files/komplexnij_ekzamen_IR.pdf*
- Тестирлөөгө даярдык көрүү үчүн расмий материалдар *inostr-exam.fipi.ru/xmodules/qprint/index.php*



## АРХАНГЕЛЬСК ОБЛУСУНДА ИШ

### Кайдан жумуш издейбиз

Иш табуу үчүн пайдалуу сайттар (иш берүүчүлөрдүн расмий сунуштары менен):

«Работа России»: *trudvsem.ru/vacancy/search?_regionIds=7800000000000*

Архангельский областной центр занятости населения: *https://aoczn.ru/* ***8 (818) 243 50 02***

**Пайдалуу кеңештер:**

- ишти түздөн-түз издеңиз, ортомчуларга кайрылбаңыз;
- расмий эмгек келишимин иш берүүчү менен түзүңүз;
- келишимде эмгек акынын өлчөмүн жана төлөө шарттарын көрсөтүңүз;
- өзүңүздүн документтерди иш берүүчүгө сактоого бербеңиз;
- эмгеккердин жана иш берүүчүнүн укуктарын жана милдеттерин билиңиз;
- иштеген сменалардын жана айлык акылардын эсебин жазып туруучу эмгек күндөлүгүн жүргүзүңүз.

Мыйзам боюнча иштөө болгону келишим боюнча гана мүмкүн!

**Эмгек келишими:**

- Уюмда туруктуу иш, анын аймагында жана жабдууларында аткарылат.
- Иш графиги — жумасына 40 саат, күнүнө 8 саат.
- Айлык акы — толук иш күнү үчүн айына 22 440 рублдан кем эмес.

**Жарандык-укуктук келишим — подряд же кызмат көрсөтүү жөнүндө:**

- Белгилүү бир тапшырманы белгилүү убакыт ичинде аткаруу.
- Иш режими — аткаруучуга жараша белгиленет.
- Эмгек акыңызды сиз аткарылган иштердин кабыл алуу/тапшыруу актысына кол койгондон кийин гана ала аласыз.

**Иш берүүчү сиз үчүн салык төлөөгө милдеттүү!**
Бул үчүн сизде ИНН — салык төлөөчүнүн идентификациялык номери болушу керек

**ИННди алуу жолдору:**

инспекциях Федеральной налоговой службы: *nalog.gov.ru/rn29/apply_fts/*
***8 (800) 222 22 22***

«Мои документы» борборлорунда: *https://portal.mfc.gosuslugi29.ru/*
***8 (800) 600 79 29***



## Эмгек патенти боюнча салыктык эсептен чыгаруу

Чет элдик жаран ай сайын төлөгөн патенттик төлөмдөрдү (5 292 рубль) өзүнүн жеке киреше салыгынын (НДФЛ) эсебине киргизе алат. Бул салыкты иш берүүчү сиздин айлыгыңыздан кармайт.

Эки жолу салык төлөбөш үчүн, иш берүүчүгө патент боюнча аванстык төлөмдөрдү эске алуу менен салыкты азайтуу тууралуу арыз берүү зарыл.
**Патент боюнча салыктык төлөмдөрдү эске алуу үчүн арыздын формасы:**

*data.nalog.ru/html/sites/www.new.nalog.ru/doc/pril_fns512_131115.pdf*

## Эмгек укуктарын коргоо

Иш берүүчү менен талаш-тартыштар болгон учурда төмөнкүлөрдү кылуу керек:

- удио жана видео жазууларды жүргүзүү;
- кат алышууларды сактоо;
- иштеген жерден тартылган сүрөттөрдү жана документтерди сактоо.

**Эмгек акыны төлөбөй жаткан учурда эмне кылуу керек:**

1. Иш берүүчүгө ишке тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн берүү талабын камтыган арыз жазуу — мисалы, эсеп баракчасы, эмгек келишими, жумуштан бошотуу тууралуу буйрук. Иш берүүчү бул документтерди 3 иш күнүнүн

ичинде берүүгө милдеттүү (Эмгек кодексинин 62-беренеси ст. 62 ТК РФ).
2. Эгер иш берүүчү талап кылынган документтерди бербесе — анда иш берүүчүгө каршы Эмгек инспекциясына арыз берүү керек: *git29.rostrud.gov.ru* ***8 (818) 260 88 70***
3. Айып пул салуу мыйзамсыз. Эмгеккер өз милдеттерин бузганда эскертүү же жумуштан бошотуу чарасы колдонулат, бирок айып пул салууга тыюу салынат (Эмгек кодексинин 192-беренеси).
4. Эгер эмгек акыны 15 күндөн ашык кечиктиришсе — жазуу түрүндө арыз берип, карыз төлөнгөнгө чейин ишти токтотууга болот (Эмгек кодексинин 142-беренесинин 2-бөлүгү).
5. Эмгек акыны төлөө боюнча карызды өндүрүү тууралуу иш берүүчүгө доо арыз жазууга болот; бул арыз жамааттык да болушу мүмкүн.
6. Эгер иш берүүчү доого жооп бербесе — сотко (*sudrf.ru*) же прокуратурага кайрылуу керек.
7. Эгер сизде эмгек келишими бар болсо, Эмгек инспекциясы иш берүүчүнү эмгек акыны төлөөгө мажбурлай алат.
8. Эгер эмгек акы 3 айдан ашык убакыт бою төлөнбөсө — бул тууралуу Россиянын Тергөө комитетине в Следственный комитет РФ (*spb.sledcom.ru*) билдирүү зарыл.

Эмгек укуктарын коргоо тууралуу кеңири маалыматты *migrussia.ru* сайтындагы «Советы мигрантам» бөлүмүнөн таба аласыз.



# САЛАМАТТЫК ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ

## Медициналык жардам алуу

Шашылыш жана ыкчам медициналык жардам бардык адамдарга акысыз көрсөтүлөт, документтери болбосо да — эгерде өмүргө же саламаттыкка коркунуч болсо: жаракаттар, катуу оорулар, ууулануу учурларында.

Тез жардам чакыруу телефондору: ***103 же 112.***

Бардык чет элдик жарандар — чоңдор да, балдар да — милдеттүү түрдө медициналык камсыздандыруу полисине ээ болушу керек: ыктыярдуу (ДМС) же милдеттүү (ОМС).

**Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу (ДМС):** Баасы көрсөтүлгөн кызматтардын санына жараша болот.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ОМС):** Мамлекеттик медициналык жардамды акысыз алууга укук берет.
**ОМС полисин төмөнкүлөр ала алышат:**
- ЕАЭСке кирген өлкөлөрдүн жарандары (Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан) — эмгек келишиминин мөөнөтүнө жараша;
- убактылуу жашоого уруксаты бар чет элдик жарандар (РВП);
- туруктуу жашоого уруксаты бар чет элдик жарандар (ВНЖ);

- качкындар жана убактылуу башпаанек алган адамдар;
- жумуш патенти менен иштегендер — эгерде 3 жыл бою расмий түрдө тынымсыз иштеп, бардык милдеттүү салык төлөмдөрүн төлөсө.

ОМС полиси жашаган жери боюнча поликлиникада жасалат. *8 (800) 100 11 29* — горячая линия территориального отделения фонда ОМС по Архангельской области.

## Балдарга билим берүү

- 18 жашка чейинки балдарга иштөөгө укук берилбейт!
- Бала ата-энесинин бири менен бир даректе каттоодо (миграциялык эсепте) турушу керек;
- Балдардын каттоосу ата-энесинин каттоосунун мөөнөтүнө жараша узартылат.

### Бала бакча

Чет өлкөлүк жарандардын балдары да, эгер бош орундар болсо, бала бакчага барууга укуктуу.

**Документтерди тапшыруу тартиби:**

- алдын ала кайрылуу зарыл: кабыл алуу кийинки окуу жылына февраль — апрель айларында жүргүзүлөт;
- ата-энесинин миграциялык каттоосу (регистрациясы) боюнча жашаган жери боюнча кайрылуу керек;
- Кайда кайрылуу керек: *portal.mfc.gosuslugi29.ru/* *8 (800) 600 79 29*



**Баланы бала бакчага берүү үчүн керектүү документтердин тизмеси:**

- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жана анын көчүрмөсү;
- баланын миграциялык картасы;
- бала ата-энесинин жашаган жери боюнча миграциялык каттоого коюлганы тууралуу маалымкат (регистрация);
- баланын медициналык камсыздандыруу полиси;
- баланын медициналык кароодон өткөнү жана кооптуу оорулары жоктугу тууралуу медициналык жыйынтык — аны атайын медициналык мекемелерде алууга болот;
- ата-энесинин биринин паспорту жана анын көчүрмөсү;
- ата-энесинин биринин миграциялык картасы жана анын көчүрмөсү;
- ата-энесинин биринин миграциялык каттоосу (регистрация) тууралуу маалымкат жана анын көчүрмөсү.

### Мектеп

Мектеп жашындагы балдар мыйзам боюнча мектепте окууга милдеттүү.

Мамлекеттик мектептерде билим алуу акысыз.

**Документтерди тапшыруу тартиби:**

- алдын ала кайрылуу керек: 1-чи класска кабыл алуу 1 февралдан баштап, башка класстарга кабыл алуу — 1 апрелден баштап;

- ата-эненин жашаган жери боюнча миграциялык каттоого (регистрацияга) ылайык кайрылуу керек.

**Кайда кайрылуу керек:**

- 1-чи класска катталуу — МФЦ “Мои документы” аркылуу;
- башка класстарга катталуу — мектеп аркылуу же райондук билим берүү бөлүмдөрү аркылуу.

**Баланы мектепке кабыл алуу үчүн керектүү документтер:**

- Ата-эненин (арыз берүүчүнүн), баланын паспорттору жана алардын нотариус тарабынан тастыкталган орус тилиндеги котормолору.
- Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жана анын нотариус тарабынан тастыкталган орус тилиндеги котормосу.
- Ата-эненин жана баланын Архангельск облусундагы миграциялык каттоосу (регистрациясы) тууралуу билдирүүсү.
  **Бала жана арыз берүүчү ата-эне мектеп жайгашкан район ичинде бир даректе каттоодо жана жашап турушу керек.**
- Ата-эненин жана баланын дактиласкопиялык картасы (манжа издеринин картасы).
- Ата-эненин жана баланын миграциялык карталары.
- Мектепке кирүү үчүн медициналык карта (медициналык мекемелерде толтурулат).
- Эмдөө сертификаты жана эмдөөлөр боюнча маалымкат (милдеттүү эмдөөлөрдүн тизмесин медициналык мекемеден тактоо керек).



- Медициналык камсыздандыруу полиси (эгер бар болсо).

Мындан тышкары, үй-бүлөнүн Россия аймагында мыйзамдуу жүргөнүн тастыктаган документтердин көчүрмөлөрүн да тапшыруу зарыл.

ⓘ Мектепке кабыл алуу үчүн бала орус тилин билүү боюнча тестирлөөдөн өтүүгө тийиш!

Тестирлөөгө жөнөтмөсүн ( направление) мектеп берет — документтер текшерилип, баланын Россияда мыйзамдуу жүргөнү ырасталгандан кийин.

Жөнөтмө(направление) алынгандан кийин ата-энелер 7 иш күнүнүн ичинде райондук тестирлөө пунктуна кайрылышы керек — ал жакта тестирлөөнүн күнү жана убактысы билдирилет.

**Тестирлөөнүн эрежелери жана мазмуну боюнча маалымат:**
*https://fipi.ru/inostr-exam/inostr-exam-deti*

Орус тилин үйрөнүүгө арналган материалдар жана колдонмолорду *migrussia.ru* сайтындагы «Полезные материалы» бөлүмүнөн табууга болот.

ⓘ Тестирлөөнү ийгиликтүү бүткөндөн кийин баланы бала бакчага же мектепке кабыл алуу үчүн документтерди кабыл алуудан жалгыз мыйзамдуу баш тартуу себеби — орундардын жетишсиздиги болуп эсептелет.

**Эгер кабыл алуу учурунда көйгөйлөр жаралса, кайда кайрылуу керек:**

- Комитет по образованию Архангельской области
  *https://www.arkh-edu.ru/*
- Уполномоченный по правам ребенка
  в Архангельской области
  *https://deti.dvinaland.ru/* ***тел. 8 8182 28 81 71***

## МЫЙЗАМДЫ БУЗУУ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

Россиянын мыйзамдарын бузган чет элдик жарандар катуу жоопкерчиликке тартылат.

Эгерде сиз:

- ортомчулар аркылуу жасалма документтерди алган болсоңуз
- миграциялык каттоону 30 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирсеңиз
- биометрикалык каттоодон жана медициналык кароодон өтпөсөңүз
- салыктарды, төлөмдөрдү же айып пулдарды төлөбөсөңүз
- 3 жыл ичинде 2 же андан көп айып пул алган болсоңуз
- 1 жыл ичинде 2 жолу миграциялык мыйзам бузуу жасасаңыз

**→ Сизге 3 жылдан 10 жылга чейин Россияга киргүгө тыюу салынат**



### Реестр контролируемых лиц

Мыйзамды бузган жана Россия аймагында жүргөн чет элдик жарандар Реестр контролируемых лиц (контролго алган адамдардын реестрине) киргизилет жана депортацияланат.

Аларга төмөнкүлөр тыюу салынат:

- айына 30 000 рублдан жогору киреше алуу
- автоунаа башкаруу
- никеге туруу
- иштөө
- жашаган жерин өзгөртүү

**Өзүңдү тизмеден текшерүү Реестре контролируемых лиц:**

*https://мвд.рф/rkl*

Горячая линия ПВС МВД России по вопросам Реестра контролируемых лиц: ***8 (800) 200 52 09***

Мыйзамды бузган жана Россиядан чыгып кеткен чет өлкөлүк жарандарга Россияга кайра кирүүгө тыюу салынат (т.а. «кара тизмеге» кирет):

*https://сервисы.гувм.мвд.рф/entry-ban*

Мыйзам бузгандардын эң толук тизмеси Россиянын ФСБсынын Чек ара кызматынын карамагында болот.

http://ps.fsb.ru/fps/contact/department.htm

**Россияга кирүүгө тыюуну же контролдоого алынган адамдардын реестрине киргизилгендигин кантип кайра каратып же даттанса болот.**

**Даттануу үчүн негиздер:**

- Россияда оорулуу тууганыңызга кам көрүү зарылдыгы;
- оорунун айынан өлкөдөн чыга албай калуу;
- жакын туугандарыңыз (жубайыңыз, балдарыңыз, ата-энеңиз) Россия Федерациясынын жарандары болушу;
- «миграциялык амнистия» — Россия Президентинин жарлыгы же мамлекеттер ортосундагы келишимге ылайык белгиленген мөөнөттө;
- ката чечим кабыл алынган учур;
- кирүүгө тыюу салуу мөөнөтүнүн бүтүшү;
- тыюуга негиз болгон себеп жоюлган учур;
- Россиянын куралдуу күчтөрүндө келишим боюнча аскердик кызмат өтөө.

**Эмне кылуу керек**

- Россиянын ИИМинин Миграция боюнча башкы башкармалыгына (ГУВМ МВД РФ) даттануу жөнөтүү: *https://мвд.рф/request_main*
(чечимге даттанууга негиз бар экенин далилдеген бардык документтерди тиркеңиз)
- Россия ИИМинин чечимине сот аркылуу да даттанууга болот.



## Административдик жоопкерчилик

**Төмөнкү мыйзам бузуулар үчүн колдонулат:**

- керектүү документтерсиз же уруксаты жок кесип боюнча иштөөдө;
- миграциялык каттоого убагында турбоо же аны узартпоого;
- текшерүү учурунда зарыл документтердин жоктугуна.

**→ Жаза — 2 000 ден 5 000 рублга чейинки айып пул**

**Мындан тышкары, административдик айып пулдар төмөнкүлөр үчүн да каралган:**

- вандализм (мүлктү бузуу, кордоо)
- майда хулигандык
- жол кыймылынын эрежелерин бузуу
- СИМ-картаны башка адамдарга (жакын туугандардан башка) туруктуу колдонууга берүү
- жана башка укук бузуулар үчүн

Үч жылдын ичинде эки жолу административдик укук бузуу жасалса — Россияга 3 жылга кирүүгө тыюу салынат.

## Кылмыш-жаза жоопкерчилиги

**Төмөнкү кылмыштар үчүн:**

- жасалма документтерди колдонуу же жасоо
- Россия Федерациясына мыйзамсыз кирүү
- баңгизаттарды таратуу

- уурдоо, тоноп алуу, каракчылык, зордуктоо, киши өлтүрүү жана башка кылмыштар

**→ Жаза — 500 миң рублга чейинки айып пул, эркинен ажыратуу, миграциялык документтерди жокко чыгаруу жана Россияга кирүүгө тыюу салуу.**

Ортомчуларга кайрылбаңыз — алар аркылуу жасалган документтер жасалма болушу мүмкүн! Мындай учурда сиз жасалма документтерди колдонгон үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылатсыз!

(!) Эгерде сиз кылмыштын күбөсү же жабырлануучусу болсоңуз — дароо полицияга билдирүү жасаңыз телефон номерлери: ***02, 102, 112***

## Экстремизм жана терроризмден — сак болунуз

**Төмөнкү кылмыштар үчүн:**

- террористтерди жана экстремисттерди кандай болбосун колдоо (моралдык, маалыматтык, финансылык ж.б.);
- улуттар аралык жек көрүүчүлүктү пропагандалоо;
- диний өзгөчөлүктү жана «ыйык согушту» үгүттөө;
- террористтик актыларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышуу.

**→ Жаза — өмүр бою эркинен ажыратууга чейин, ири айып пулдар, Россия жарандыгынан ажыратуу, өмүр бою Россияга кирүүгө тыюу салуу!**



- **Террористтик ишмердүүлүккө көмөк көрсөтүү**: азгыруу, үгүттөө же башка ыкмалар менен тартуу — 5 жылдан 20 жылга чейин эркинен ажыратуу жана 1 миллион рублга чейинки айып пул салынат.
- **Эл арасында террористтик иш-аракеттерге чакыруу** же терроризмди ачык актоо — 1 миллион рублга чейинки айып пул же 2 жылдан 7 жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат.
- **Террористтик акт жасоо** (жардыруу, өрт коюу же элди коркуткан жана адам өмүрүнө коркунуч жараткан аракеттер) же диверсия (мамлекеттик мекемелерди өрттөө, жардыруу) — 20 жылга чейин же өмүр бою эркинен ажыратуу менен жазаланат.

## ПОЛИЦИЯ МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

**Ар дайым өзүңүз менен бирге төмөнкү документтер болушу керек:**

- паспорт
- миграциялык карта
- биометрикалык каттоо картасы
- миграциялык каттоого (белгилөөгө) тургандыгы жөнүндө билдирүү
- эмгек патенти (ЕАЭБ жарандарынан тышкары)

**Текшерүү учурунда суралышы мүмкүн:**

- жарактуу медициналык камсыздандыруу полиси (ДМС же ОМС)
- иш патенти боюнча алдын ала төлөнгөн салык төлөмдөрүнүн түп нускалары (төлөм чектери)

Документтерди текшерүү маалында полиция кызматкери өзүнүн кызмат ордун, наамын, фамилиясын айтып, күбөлүгүн көрсөтүп, документтерди текшерүүнүн себебин жана максатын түшүндүрүүгө милдеттүү («О полиции» мыйзамдын 5-беренесинин 4-пункту).

Полиция кызматкери менен сылык сүйлөшүңүз, урматтоо формасында кайрылыңыз. Полиция кызматкери кыйкырып, кемсинтип же айып коюуга акысы жок.

Полиция кызматкеринде атайын төш белги (жетон) болушу керек — анын номерин жазып алыңыз.

**Полициянын мыйзамсыз аракеттерине кайрылуу үчүн телефондор:**

- шашылыш кызматтар *112, 102*
- оперативно-разыскная часть собственной безопасности УМВД России по Архангельской области: *8 (818) 221 71 05*
- Прокуратура Архангельской области и Ненецкого автономного округа: *8 (818) 245 45 45*
- Следственный комитет: *8 (818) 223 83 31*





Архангельск облусунун тургундары — мейман-дос адамдар. Жардам керек болсо, аларга кайрылуудан тартынбаңыз.

### Жүрүм-турум эрежелери

**Шаарда төмөнкүлөрдү кылуу кабыл алынбайт:**

- коомдук жайларда чоң топ болуп чогулуу;
- кир, булганган кийим менен жүрүү;
- тааныш эмес адамдарга «сен» деп кайрылуу;
- тааныш эмес адамдарга тийүү;
- таштандыны урнага эмес жерге ыргытуу же түкүрүү;
- кулакчынсыз (наушник) музыка угуу же видео көрүү;
- телефон аркылуу катуу үн менен сүйлөө;
- коомдук жайларда диний ырым-жырымдарды; өткөрүү, намаз окуу же дуба кылуу.

**Коомдук тартипти бузууга тыюу салынат:**

- массалык баш аламандык же мушташ уюштуруу;
- «тынчтык сааттарын» бузуу — саат 22:00 дөн 8:00 гө чейин;
- коомдук жайларда тамеки тартуу жана ичимдик ичүү;
- физикалык (ур-токмок) же психологиялык (сөгүнүү, кемсинтүү, коркутуу) зомбулук көрсөтүү;
- жалган никеге туруу же көп аял алуу.

**→ Бул аракеттер айып пул, 15 суткага чейин камак, эркиндиктен ажыратуу же Россиянын аймагынан депортациялоо менен жазаланат!**

## Архангельск облусу жөнүндө

Архангельск шаары Четки Түндүк аймактарына теңештирилет. Шаардын климаты орточо, деңиздик — кышы узак жана мелүүн суук, жайы кыска жана салкын болот. Бул шаарга аба ырайынын тез-тез өзгөрүшү, нымдуулуктун жогору болушу жана жаан-чачындуу күндөрдүн көптүгү мүнөздүү. Архангельск — Россиянын түндүк-батышындагы ири тарыхый, өнөр жай жана илимий борборлордун бири. Бул жерде токойду иштетүү, токой-химия, целлюлоза-кагаз жана балык өнөр жайлары өнүккөн. Ошондой эле Архангельск — Помор аймагынын маданий жана тарыхый борбору, помор маданиятынын, салттарынын жана тарыхынын очогу болуп эсептелет.

**Архангельск облусу боюнча жол көрсөтмө:**
*https://pomorland.travel/about-the-region/*

**Бош убактыңызда театрларга, музейлерге жана концерттерге барууну сунуштайбыз:**

- Театр Драмы имени М.В.Ломоносова *http://www.arhdrama.ru*
- Поморская филармония *http://www.pomorfil.ru*
- Музей художественного освоения Арктики им.А.А. Борисова *http://www.arhmuseum.ru/museums/view/6, https://vk.com/arhmuseum.borisov*
- Архангельский музей изобразительных искусств, Дом-музей С.Г.Писахова *http://www.russianmuseums.info/M1444*



- Музей деревянного зодчества Русского Севера под открытым небом «Малые Корелы» *http://www.korely.ru*
- Архангельский краеведческий музей *https://kraeved29.ru/*
- Северный морской музей *https://northernmaritime.ru/*

## Майрамдар жана эстүү даталар

Россияда мамлекеттик, диний жана элдик майрамдар белгиленет. Бул майрамдардын көбү — иштебеген күндөр болуп эсептелет.

- **Новый год**
  Ар жылдын 31-чи декабрынан 1-чи январына караган түнү майрамдалат. Үйдө салт боюнча балаты тигилип, коздолот, астына белектер коюлат, майрамдык дасторкон даярдалат. Бул үй-бүлөлүк майрам болуп саналат. Жаңы жылда конокко баруу же конок тосуу салтка айланган. Балдар бул күндөрү жаңы жылдык утренниктерге жана концерттерге барышат, аларды Аяз ата менен Аяз кыз куттукташат.
- **Православное Рождество**
  7-январда белгиленет. Бул күнү православ христиандары Ыйса  Машаяктын  төрөлүшүн майрамдашат. Чиркөөлөрдө майрамдык Рождество кызматы өткөрүлөт.
- **Масленица**
  Кыш менен коштошуу жана жазды тосуп алуу элдик майрамы. Православ чиркөөсүнүн Улуу орозосунун

алдындагы акыркы жумада белгиленет. Жарманкелер, элдик оюн-зооктор уюштурулуп, Күндүн символу болгон блиндер бышырылып, бири-бирине сунуштайт.

- **День защитника Отечества**
23-февралда белгиленет. Мурун бул Советтик Армия күнү болчу. Бул күнү аялдар эркектерди — аскер кызматкерлерин да, жарандык адамдарды да — куттуктап, белек беришет.
- **Международный женский день**
8-мартта белгиленет. Эркектер аялдарды куттуктап, гүл жана белектер тартуулашат.
- **Пасха**
Ыйса Машайактын тирилүүсүн, өлүм үстүнөн жеңишин белгилеген майрам. Майрамдын күнү ай-күндүк календарь боюнча аныкталат, ошондуктан ар жылы ар башка күнгө туш келет. Чиркөөлөрдө кызматы өткөрүлүп, Крест жүрүшү уюштурулат. Христиандар бири-бирин «Христос тирилди!» деп куттуктап, жооп катары «Чын эле тирилди!» дешет. Жумуртка боёп, Пасха наны менен быштактуу Пасха даярдалып, чиркөөгө алып барып бата алат.
- **Праздник весны и Труда**
1-чи май - мурда Эмгекчилер эл аралык тилектештик күнү деп аталган.
- **День Победы**
9-майда белгиленет. 1941 – 1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиш майрамы.



Бул күнү каза болгондор эскерилип, эстелик иш-чаралар өткөрүлөт. Москвада Кызыл аянтта Жеңиш парады өтүп, аны көптөр телевизор аркылуу көрүшөт. Адат боюнча жоокерлердин көрүстөндөрүнө жана эстеликтерге гүл коюлат.

- **День России**
12-чи июнда белгиленет. 1990-жылы дал ушул күнү Россия Федерациясынын мамлекеттик эгемендүүлүк Декларациясы кабыл алынган. Бул күнү майрамдык иш-чаралар жана концерттер уюштурулат.
- **День Знаний**
1-сентябрда, окуу жылынын башталышында белгиленет. Окуучулар жана студенттер сабактарын башташат, мугалимдер менен окуучуларды куттуктап, гүл тартуу салты бар.
- **День народного единства**
4-ноябрда белгиленет. Бул майрам 1612-жылы Мининдин жана Пожарскийдин элдик кошууну поляк баскынчыларын Москва Кремлинен кууп чыккан окуяга арналган. Концерттер жана башка майрамдык иш-чаралар өткөрүлөт.

**Архангельск облусунун майрам күндөрү:**
(Аймактык маалымат жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий булактарынын негизинде кошулду.)

- День многодетной семьи — *19 мартта*
- День Устава Архангельской области и символов Архангельской области (герба, флага и гимна) — *23 майда*
- День города Архангельска — *последнее воскресенье июня*
- День арктических экспедиций — *10 июлда*
- День северных конвоев — *31 августта*
- День государственного судостроения — *16 сентябрда*
- День образования Архангельской области — *23 сентябрда*
- Маргаритинская ярмарка — *последняя декада сентября*
- День М.В. Ломоносова — *19 ноябрда*
- День присвоения городу Архангельску почетного звания Российской Федерации «Город воинской славы» — *5 декабрда*
- День Архангелогородской губернии — *30 декабрда*



# ПАЙДАЛУУ БАЙЛАНЫШТАР

- Управление по вопросам миграции (УВМ) УМВД России по Архангельской области
  *29.мвд.рф/ms*
- Телеграм-канал МВД России «Миграционный пост»
  *https://t.me/s/migrpost*
- Портал «Миграция и мигранты»
  *https://migrussia.ru/*
- База вакансий «Работа России»
  *https://trudvsem.ru/*

Карманная книжка трудового мигранта
полезная информация для иностранных граждан
(на русском и киргизском языке)

Подготовка текста:
БФ «ПСП»

Автор-составитель: Якимов А.Н.
Редактор: Панич Б.Л.
Верстка, дизайн: Салим Д.А.

Изготовлено в рамках реализации мероприятий, направленных на содействие адаптации иностранных граждан, находящихся на территории Архангельской области, при поддержке Федерального агентства по делам национальностей, администрации Губернатора Архангельской области и Правительства Архангельской области, регионального отделения Общероссийской общественной организации «Ассамблея народов России» в Архангельской области.

Подписано в печать:
Тираж 300 экз. Заказ №
Отпечатано в ООО «Типография Лесник»
г. Санкт-Петербург, Сабировская ул., д. 37, лит. Д, к. 206